УДК: 371.3: 494.3:8.085.4
DOI 10.33514/1694-7851-2022-4-105-109

**Мусаева В.И.**
пед. илим. док., проф.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
**Байбосова Д.К.**
окутуучу
А. Токтоналиев атындагы финансы-экономикалык техникуму
**Мусаева В.И.**
док. пед. наук, проф.
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
**Байбосова Д.К.**
преподаватель
Финансово-экономический техникум имени А. Токтоналиева
**Musaeva V.I.**
Doctor of Pedagogical Sciences, Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
**Baidosova D.K.**
Lecturer
Financial and Economic College named after A. Toktonaliev

# И. АРАБАЕВДИН ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК БАГЫТТАГЫ ОКУУ КУРАЛДАРЫНА ТАЯНУУ МЕНЕН ОКУУ ЖАНА ЖАЗУУ ИШМЕРДҮҮЛҮКТӨРҮН ӨНҮКТҮРҮҮ

# РАЗВИТИЕ ЧИТАТЕЛЬНО-ПИСАТЕЛЬНОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ НА ПРИМЕРЕ ЭТНОПЕДАГОГИЧЕСКИХ УЧЕБНИКОВ И. АРАБАЕВА

# THE DEVELOPMENT OF READING AND WRITING ACTIVITY ON THE EXAMPLE ETHNOPEDAGOGICAL TEXTBOOKS BY I. ARABAEV

**Аннотация:** Макалада алгачкы агартуучу И. Арабаевдин этнопедагогикалык мазмундагы «Кыргыз алиппеси» окуу китебине таянуу менен биринчи класста алиппени окутууда окуучулардын угуу, сүйлөө, жекече монологдук кебине, айрыкча, сүйлөм түздүрүү, сүйлөмдү сөзгө ажыратуу, сөздү муунга ажыратуу, муунду тыбышка ажыратуу менен так, туура сүйлөө менен бирге эле мезгилде алардын окуу жана жазуу ишмердүүлүгүн калыптандыруу маселеси каралды.

**Негизги сөздөр**: И. Арабаев, этнопедагогика, «Кыргыз алиппеси», алгачкы агартуучу, биринчи класс, алиппени окутуу, көрүү, угуу, айтуу, сүйлөө, тыбыш, сөз, сүйлөм, окуу ишмердүүлүгү.

**Аннотация:** На основе одноименного учебника первого кыргызского ученого И. Арабаева “Кыргызский Алиппе”, в котором представлены этнопедагогические аспекты, в статье проводится обзор методов обучения учащихся в первом классе азбуке, аудированию, развитию речи, индивидуальному монологу, особенностям построения предложений, членению предложения на слова, делению слова на слоги, делению слога на звуки. Наряду с требованием четкой и правильной речи рассматривается вопрос формирования читательской и письменной деятельности учащихся.

**Ключевые слова:** И. Арабаев, «Кыргызский Алиппе», этнопедагогика, первый ученый, азбуки, обзор, слушание, речь, звук, предложение, учебная деятельность, аудирование, говорение, индивидуальный монолог.

**Annotation:** Based on the textbook of the first scientist I. Arabaev “Kyrgyz Alippe”, which contains ethnopedagogical content, the article teaches students in the first grade the alphabet, listening, speaking, individual monologue, sentence construction features, dividing a sentence into words, dividing a word into syllables, dividing the syllable into sounds, along with clear and correct speech. At the same time, the issue of the formation of their reading and writing activities is considered.

**Keywords:** “Kyrgyz Alippe”, ethnopedagogy, first scientist, alphabets, review, listening, speech, sound, sentence, learning activity, listening, speaking, individual monologue.

Кыргыз элинин элге билим берүү системасынын карт тарыхында алгачкы ирет жалпы элдин сабаттуулугун жоюу менен алга үндөөдө алгачкы агартуучулар И. Арабаевдин, С. Нааматовдун, К. Тыныстановдун, Х. Карасаевдин ж.б. ошол мезгилдеги тунгуч кыргыз интеллигенциясынын элдик этнопедагогикалык мазмундагы калтырып кеткен илимий табылгалары айтып, жазып түгөнгүс зор окуя катары эсептелинүү менен бирге эле ар тараптан терең изилдөөлөрдү да талап кылаары анык.

Алардын арасынан, айрыкча, И. Арабаев ошол мезгилде жөө жалаң эл кезип, жер кыдырып, илим-билим издеп, 1911-жылы Уфа шаарынан этнопедагогикалык багыттагы чыныгы элдик мазмунду камтыган «Кыргыз алиппеси» окуу китебин басып чыгаргандыгы белгилүү. Ал окуу китебиндеги И.Арабаев илимий мурас катары калтырып кеткен идеялар, жол-жоболор бүгүнкү күнгө чейин баалуулугун жоготпостон, пайдаланылууда. Биз төмөндө алар тууралуу кеңири сөз кылмакчыбыз.

***Биринчи класста алиппени окутууда*** [3; 4; 5; 6; 7; 15] окуу-жазууга даярдык көрүү мезгили болуп эсептелет. Бул мезгилде мектепке келүү, кетүү, мектепте өзүн кандай алып жүрүүнүн элементардык эрежеси менен тааныштырылат. Мугалимдин окуганын же оозеки айтканын кунт коюп угууга үйрөтөт. Бизд иеялар, жол-жоболор бүгүнкү күнгө чейин н кебибиз сүйлөмдөн, сүйлөм айрым сөздөн, сөз айрым муундан, муун айрым тыбыштан куралгандыгын жана ар бир тыбыштын өзүнчө тамгасы бар экендигин билдирет Окуучуларга оозеки түрдө иштетилип, иш жүзүндө байкаттырылат. Бул иштерди аткарттырмайын алиппени окутууга мүмкүн эмес. Тактап айтканда, талдоо-жыйноо жолу менен окуучуларды окууга жана жазууга окутуп-үйрөтөбүз

***Биринчи класста алиппени окутууда сүйлөм түздүрүү үчүн кандай жүргүзүү керек?*** [3; 4; 5; 6; 7; 15] Алгачкы күнү эле сабак башталганда, мугалим өзүнүн, атасынын аты менен тааныштырат, окуучунун аты, фамилиясы менен таанышат. Ошондой эле партада олтуруу, туруу, эшиктен кирүү, эшикке чыгуу, окуу убактарында кандай олтуруу, дем алыш убагында кандай тартипте жүрүү ж. б. мектептин ички-тышкы тартиби менен окуучуларды тааныштырат. Мугалим тарабынан кызыктуу жомок, же кызыктуу аңгемелерден камдалып келинет да, аны айтып, же окуп берет, балдардын билгендеринен да айттырууга болот, ж. б. ушул сыяктуу иштер жүргүзүлөт. Экинчи, же үчүнчү күнү сүйлөм үстүндө иштөө жумуштары башталат. Мисалы: Айпери партада отурат. Балдар топ ойношту. Чоң энем жомок айтты. Атам тоодон келди. Апам уй саады- деген сыяктуу бир нече сүйлөм түздүрүлөт да, ошол сүйлөмгө карата мугалимдин берген суроосуна бала жооп кайтарат. Андан кийин ал сүйлөмдөрдү балдар кайталап айтып чыгышат. Мугалим бул айтылган сүйлөмдөрдү окуучуларга оозеки түрдө санатып, канча сүйлөм экенин айттырат.

***Биринчи класста алиппени окутууда сүйлөмдү сөзгө ажыратуу үчүн кандайча аткарттыруу зарыл?*** [3; 4; 5; 6; 7; 15] Мугалим сүрөт боюнча чакан аңгеме жүргүзүп, ошол аңгеменин ичинен бир сүйлөмдү бөлүп алат да, ошол сүйлөмдүн ичинде канча сөз бар экендиги таптырылат. Сүйлөмдү, сөзгө ажыратканда ар бир сөздү бөлүп, кол менен санап көрсөтөт. Мисалы: мектеп жөнүндө аңгеме жүргүзөт да, бир нече сүйлөм түздүрүлөт. Алар: Биздин мектеп чоң. Мектептин ичи жарык. Мектепте класстар бар. Класстарда биз окуйбуз - деген сыяктуу бир нече сүйлөм түздүрүлөт да, ал сүйлөмдөрдү оозеки түрдө ажыратат. Мында мектеп жөнүндө айтылган аңгемеде канча сүйлөм бар экендигин бирден санап

көрсөтөт. Андан кийин ошол сүйлөмдөрдүн ичинен бир сүйлөмдү бөлүп алат да, анда канча сөз бар экендиги таптырылат.

***Биринчи класста алиппени окутууда сөздү муунга ажыратууну кандайча жүргүзүү зарыл?*** [3; 4; 5; 6; 7; 15] Сүйлөмдү сөзгө ажыратууга караганда сөздү муунга ажыратуу жумуштары бала үчүн татаалыраак болот. Башкача айтканда, сөздү муунга ажыратуу иши канча баскыч болуп эсептелет. Сөздү муунга бөлө баштаганын эң мурда кептен, тексттен сүйлөмдү, сүйлөмдөн сөздү бөлүп алып, окуучулардын көз алдына элестетип, андан кийин сөздү муунга ажыратуу жумуштары башталат. Мында мугалим эки-үч сөздөн турган сүйлөмдү алат. Мисалы: Айпери жазды. Айпери сүрөт тартты. Биринчи, экинчи сүйлөмдү, анын ичиндеги сөздөрдү балдарга таптырып ажыраттырат. Андан кийин мугалим: Балдар, биз сүйлөмдү түздүк. Аны сөзгө ажыраттык. Демек, бир сүйлөмдө эки да, андан да көп сөздөр болот. Эми балдар, сөз муундан түзүлөт. Муун колдо да бар. Кана, баарыңар колуңардын муунун көрсөткүлөчү. Бардык балдар колдорунун муунун көрсөтөт. Муун чөптө да бар деп, чөптүн муунак-муунак болуп бөлүнүп турган жерин көрсөтөт. Балдар байкап карайт.

***Биринчи класста алиппени окутууда*** **сөздү тыбышка ажыратууну кандайча үйрөтүү зарыл?** [3; 4; 5; 6; 7; 15] Сөздү тыбышка ажыратуу иши сабаттуулукка үйрөтүүнүн эң өзөктүү маселелеринен болуп эсептелет. Бул баскычта айрым тыбышты айтуу, ал тыбыштын тамгасын жазуу, окуу-жазууга балдарды көндүрүү ишке ашышы абзел. Иштин мындай түрү тыбыштын окулушуна жана жазылышына практика түрүндө үйрөтүү менен ал тыбышты сөздүн муунунан бөлүп алууну жана ал тыбыштан курулган сөздөрдү окуунун техникасын үйрөтөт. Сөз ичиндеги тыбышты, ал тыбыштын тамгасын байкап ажырата билсе, муун боюнча окууга үйрөнсө, окуунун келечектеги процессии жеңилдетет. Муундагы тыбыштарды ажыратып, окулушун билсе, жазууну катасыз жазат.

***Биринчи класста алиппени окутууда*** **жазууга көнүктүрүү кандайча жүргүзүлөт?** [3; 4; 5; 6; 7; 15] Сөздүн муунунан тыбышты ажыратууга көнүктүрүү менен бирге жазуу ишине да көнүктүрүлөт (талдоо-жыйноо жолунун системасы боюнча окуу-жазуу иши бирдей жүргүзүлөт). Мында адегенде жазуу куралдары: карандаш**,** калем сап, калем уч, сыя челек, пенал ж. б. менен тааныштырылат. Эң мурда, жазуу мезгилинде, партада окуучунун кандай олтуруу керектигин, дене-боюн түз кармоону, карандашты кандай кармоонун тартибин тааныштырат. Карандашты үч манжа менен кармашты, үчөөнүн кандай абалда болушу, көп катуу басып кармабай, бош кармоону үйрөтүү. Көп катуу кармаса үч манжанын талып кетиши эскертилет.

Андан кийин дептер менен тааныштырат. Жазуу дептеринин сызыктары көрсөтүлөт. Ошондой эле, эсеп (математика) дептери менен жазуу дептеринин айырмасы эскертилет. Азыр балдардын көпчүлүгү 1-класска келгенде окуу, жазуу куралдары менен келет. Кайсы бирөөлөрү тамга, сандар менен таанышкан болот. Ошентсе да болжолдуу көнүктүрүү иштерин жүргүзө берүү керек. Алиппенин бетиндеги түз таякчаларды тарттыруу. Кыйгач сызык менен түз кеткен эки жарыш сызыктын кошулган жерине чекиттерди койдуруу, топ-тобу менен кыска таякчаларды жаздыруу. Жогорку, төмөнкү сызыкка жеткирип узун таякчаларды тарттыруу ж. б. ушул сыяктуу жумуштар жүргүзүлөт.

***Биринчи класста алиппени окутууда*** [3; 4; 5; 6; 7; 15; 17] окуу ишмердүүлүгүн өнүктүрүү иштердин уюштурулушу жана жаңы сөздөрдү окуунун жолдору кандайча ишке ашырылууга тийиш? . Алиппеге чейинки мезгилде [3; 4; 5; 6; 7; 15; 17] үндүү, үнсүз тыбыштардан эң кеминде үч-төрт тыбыш менен тааныштырылуусу зарыл. Ошол окуучуларга тааныштырылган тыбыштардан сөз түзүлөт. Мына ушундан тартып алиппе мезгили деп аталат. Башкача айтканда, алиппеде **а, о, т,** тыбыштарын өткөндөн кийин **а-та, ат, от** деген сөздөр пайда боло баштайт, демек алиппе мезгили мына ушул жерден башталып отурат. Мындагы эң негизги максат жаңы өтүлгөн тыбышты сөзгө катыштырып окууга баланы үйрөтүү. Мисалы: кесме тамгадан, же жаңы өтүлгөн тыбыштарды катыштырып оозеки түрдө сөз түздүрүү, алиппеден окутуу ж. б. ушул сыяктуу иштер жүргүзүлөт.

Алиппенин ар бир бетиндеги жаңы өтүлүүчү тыбышка карата сүрөт берилген. Мындагы негизги максат ошол сүрөт боюнча суроо-жооп иретинде аңгеме жүргүзүү, ошол аңгеменин ичинен бир сүйлөмдү бөлүп алуу, ошол сүйлөмдү сөзгө, сөздү муунга бөлдүрүп, ошол муундун ичинен жаңы тыбышты таптыруу, ал тыбыштын тамгасын көрсөтүү жумуштары жүргүзүлөт.Андан кийин ошол жаңы тыбышты катыштырып, кесме тамгадан набордук полотного сөз түздүрүү, аны окутуу, айттыруу иштери болот. Бул жумуштардан кийин алиппеден окутуу иштери башталат.

Алиппеде сүрөттүн алдына тик таякчалар тартылган, ал таякчанын эки жанына муунга бөлүнгөн сөздөр берилген. Ал сөздөр баланын тили так келип оңой айтылуучу гана бир-эки муундуу сөздөрдөн болот. Мында ошол жаңы өтүлүп жаткан тыбышты сөздүн башына, ортосуна, аягына коюу ушул сыяктуу кылып ар түрдүү жол менен ал жаңы үйрөнүлүп жаткан тыбыш сөзгө катыштырып окутуу, баланын тилин жатыктыруу, көз каныктыруу ж. б. ушул сыяктуу иштер жүргүзүлөт.

Бул айтылгандарды алиппеден окутаардан мурда мугалим үлгү катарында муун боюнча өзү окуп берет да, андан кийин балдарды так ошол формада окутат. Бирок балдарга окутканда китептин бетин бүт бир балага окутпастан, бөлүп-бөлүп бир нече балага окутуу керек. Ал эми ошол окулганына аз да болсо, түшүнгөнүн айтып берүү ишиаң- сезимдүү окуунун негизин түзөт. Мына ошондуктан окуганын аз-аздан айтып берүүгө баланы адат алдыруу зарыл. Мына ушул жол менен улам-улам окуу ишмердүүлүгүнө ээ кылып отурат.

***Биринчи класста алиппени окутууда Окуу ишмердүүлүгүнө ээ кылууда үндүү жана үнсүз тыбыштар жана алардын тамгалары менен тааныштыруу иштери кандайча жүргүзүлүшү керек?*** Окуучуларды сабаттуулукка үйрөтүү процессинде үндүү, үнсүз тыбыштар жана алардын тамгалары тааныштырылат. Качан окуучулар айрым тыбыштарды үйрөнө баштаганда ошол үйрөтүлгөн тыбыштар класска илинип коюлат (үндүү тыбыштын тамгасын кызыл менен, үнсүз тыбыштын тамгасын кара менен боёп өзүнчө илүү керек). Мында окуучулар аз да болсо, экөөнүн айырмачылыгын сезе баштайт.Үндүү, үнсүз тыбыштардын айырмасы качан 3—4 үндүү тыбышты **(а, о, ы, у)** жана 5—6, же андан да көбүрөөк үнсүз тыбыштарды **(т, л, м, р, с)** өткөндөн кийин көрсөтүлөт. Бул айтылгандарды практикалык түрдө иштеп, өздөрүнө айттыруу менен гана тааныштырабыз. Мисалы, үндүү тыбыштын төмөнкүдөй эки түрдүү белгисин алып түшүндүрүүгө болот. 1) Үндүү тыбышты айтканда үндү канчалык созсо, ошончо созула берери окуучуларга үйрөтүлөт; 2) Сөздө канча муун болсо, ошончо үндүү тыбыштын бар экендиги айтылат жана ал окуучуларга иш жүзүндө көрсөтүлөт. Ошону менен бирге мугалим окуучуларды үнсүз тыбыштар менен да тааныштырат. Мында үнсүз тыбыштар үндүү тыбыштардын жардамы менен гана оңой айты-ла тургандыгы жана үндүүлөрдүн жардамы менен гана муундун түзүлүшү, үнсүздөр өз ал-дынча муун-түзө албай тургандыгы байкалат. Бирок ошондой болсо да, үнсүздөр деген тер-минди кийинчерээк айтууга болот. Бул айтылган тыбыштардан башка **ё,я, ю** тамгалары алиппенин эң кийинки баскычында үйрөтүлөт. Тыбыштардын мындай тартипте жайланышы окуучулардын жеңил, терең өздөштүрүшүнө алып келет ж. б.

***Биринчи класста алиппени окутууда сөздү окууга үйрөтүүдө*** [3; 4; 5; 6; 7; 15; 17] ***о***кууга жана жазууга үйрөтүү иши бирдей жүргүзүлөт. Бала жаңыдан үйрөнгөн тыбышка мурдагы үйрөнгөн тыбышты кошуп, сөздү, сүйлөмдү муун боюнча окууга үйрөтүлсө, ошондой эле жазууга да үйрөтүлөт. Ал эми сөздү окуганда бирден тамганын атын айтып эжелеп окубастан, муун боюнча гана окуп көнүгүү керек. Окуу ишмердүүлүгүнө үйрөтүүнүн бул ыкмасы тамганы таштабай, же бир тамганы экинчи тамга менен алмаштырбай окууга көндүрөт. Бул туура окуунун алгачкы негизин түзөт. Ал эми окуганы жөнүндө аз да болсо, айтып берүү иши аң-сезимдүү окууга баланы багыттайт. Мына ошондуктан баланы биринчи эле окууга үйрөтө баштаганда окуунун мындай түрүн эстен чыгарбай, экөөнү бир алып кетүү керек. Окуу ишмердүүлүгүнө ээ кылууда окуунун техникасына үйрөтүү туура, так, сабаттуу окуй алууга түрткү берет. Мында, маселен, кесме тамгаларды туура пайдаланып, ал аркылуу окута билүү керек. Ошондой эле жаңы өтүлүүчү тыбышка ылайыктуу, балдардын тилине так айтылуучу сөздөрдөн таап окутууну да жүргүзүү зарыл.

***Биринчи класста алиппени окутууда кесме тамга менен иштөөнү кандайча жүргүзүү зарыл?*** Кесме тамгадан сөз түздүрүп окутуу иши [3; 4; 5; 6; 7; 15; 17] сабаттуулукка үйрөтүүнүн эң алгачкы кадамы болот. Тамга кассасындагы кесме тамгадан набордук полотного сөз түздүрүп окутуу, ал сөздү талдатуу, андан жаңы үйрөтүлгөн тыбышты бөлдүрүү - бул алиппеге чейинки мезгилде окуучунун окуу ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн эң башкы каражатынын бири болуп эсептелет.

Корутундулап айтканда, биринчи класста алиппени этнопедагогикалык багытта окутууда окуучулардын угуу, сүйлөө жана монологдук кебине, алиппе мезгилиндеги, айрыкча, сүйлөм түздүрүү, сүйлөмдү сөзгө ажыратуу, сөздү муунга ажыратуу, муунду тыбышка ажыратуу менен так, туура сүйлөө жана окуу ишмердүүлүгүн калыптандыруу, ошондой эле, тамга кассасы жана набордук полотно аркылуу, тамга кассасындагы кесме тамгадан иштетүү жумуштары менен баланын так, туура окуу жана сабаттуу жаза билүү ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзүүдө алгачкы агартуучу, быйылкы жылы 140 жылдык маарекеси белгиленип жаткан кыргыздын тунгуч окумуштуусу, кыргыз алиппесинин чыныгы автору И. Арабаевдин элдик этнопедагогикалык мазмундагы илимий-педагогикалык мурастары, бай тажрыйбасы, алиппени окутуудагы калтырып кеткен илимий системасы ар дайым илимий-методикалык жактан баалуулугун сактап кала бермекчи.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнүн Мамлекеттик стандарттары. – Бишкек, 2006.
2. Кыргыз Республикасында орто билим берүүнүн Улуттук Алкактык куррикулуму. – Бишкек, 2009.
3. Башталгыч мектепте «Эне тилин» окутуу боюнча (1–4-класс) предметтик куррикулум. – Бишкек, 2010
4. Ишеналы Арабай уулу. Кыргыз алиппеси. Окуу китеби – Б., 2007. – 36-б.
5. Осмонкулов А. Эне тилине окутуу тарыхынан. – Ф.: Мектеп, 1983. – 224-б.
6. Сартбаев К., Рысбекова Б. Башталгыч класстын окуучуларын орфографиялык сабаттуулукка жана таза жазууга үйрөтүүнүн методикасы. – Ф.: Мектеп, 1967.
7. Сартбаев К. Кыргыз мектептеринин башталгыч класстарында класстан тышкаркы окууну өткөрүүнүн жолдору. – Ф.: Мектеп, 1969.
8. Рысбекова Б., Сартбаев К. Алиппени окутуу жана класстан тышкаркы окуу. – Ф., 1973.
9. Мусаева В. И. Алиппеге кадам. Окуу китеби. – Б.: ОсОО “Принт Экспресс, 2018. – 138-б.
10. Мусаева В.И. Жат жазуу жана баяндама жыйнагы. – Бишкек, 2008.
11. Мусаева В.И., Мусаева А. Тап-тап табышмак.Загадки. Puzzles. Окуу куралы. – Б., 2022. – 57-б.
12. Мусаева В.И., Мусаева А. Шайыр тамгалар. Веселие буквы. Funny letters. Окуу куралы. – Б., 2022. – 44-б.
13. Мусаева В.И., Мусаева А. Боемо тамгалар. Раскраска. Colour book. Окуу куралы. – Б., 2022. – 60-б.
14. Б. Кубаталиева, А. Абыканова, М. Асаналиева. Алиппе. Башталгыч мектептин 1-классы үчүн окуу китеби. 1-басылыш. – Б., 2011.
15. Рысбекова Б., Сартбаев К. 1-класстын мугалимдери үчүн методикалык курал. – Ф., 1973.
16. Рысбекова Б., Сартбаев К. Сабат таблицасы. – Фрунзе: Мектеп, 1983.
17. Рысбекова Б. Алиппени окутуунун методикалык көрсөтмөсү. – Фрунзе: Мектеп, 1983.

**Рецензент: пед. илим. док., проф. Добаев К.Д.**